

soros.kg
OPEN SOCIETY FOUNDATIONS
Общественный фонд "Аттика"
GLOBAL HEALTH RESEARCH CENTER of CENTRAL ASIA



# НАЛОКСОН – ЖАШООБУЗ БОЛСУН ОҢ

## БИРИНЧИ ЖАРДАМ ДОЗАНЫ АШЫРЫП ЖИБЕРҮҮДӨН КИЙИН

Республикада Германияда да жана Украинада да чыгарылбаган налоксон пайда болгонун эскертип койгубуз келет. Ал таркатылып жаткан күрөң ампулаларда иероглифтер менен жазылган түшүнүксүз кандайдыр бир текст бар жана “2ml/2mg” деген белгилер даана байкалат. Бул ал ампулалардагы эритменин концентрациясы германиялык же украиналык налоксондукунан БЕШ ЭСЕ жогору экендигин билдирет.

Дыкат көңүл буруңуз. Эгерде сиз ушул концентрациясы жогору болгон налоксонду пайдалансаңыз, анда ампулада болгондун баарын бир эле жолу сайынбаңыз, аны беш дозага бөлүп коюңуз. Ампулаларында иероглифтери бар бул налоксонду кантип туура жана жакшыраак пайдалануу боюнча аутрич-кызматкер же наркологиядагы врачтар менен дагы да кеңешип алыңыз.

Буклетте Мэт Куртис, Колумбия университетине караштуу Борбор Азиядагы Глобалдык ден-соолукту иликтөө борбору жана Бүткүл Россиялык зыяндуулукту азайтуу тармагы тарабынан иштелип чыккан материалдар пайдаланылды. Буклет «Аттика» коомдук фонду жана Кыргыз Республикасындагы Глобалдык ден-соолукту иликтөө борбору тарабынан «Сорос – Кыргызстан» фондунун жана «Ачык коом» фондунун (Нью-Йорк) колдоосу менен иштелип чыкты.

## ДОЗАНЫ АШЫРЫП ЖИБЕРҮҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Дозаны ашырып жиберүү – киши баңгизатты ашыкча колдонгондо дуушар болуп калуучу абал. Бирок кээде сиз же башка киши адаттагы эле дозаны сайынганда да, өзгөчө кыйналуудан оңолгондон кийинки мезгилде дозаны ашырып жиберген абалга келип калуу мүмкүн, анткени ал сиз пайдаланган героиндин сапатына же болбосо алкоголь ичкилигин ичкенге же кайсы-бир дарыны колдонууга да жараша болот.

### КАЙСЫ БАҢГИЗАТТАРДАН ДОЗАНЫ АШЫРЫП ЖИБЕРҮҮ БОЛУШУ МҮМКҮН?



Барыдан мурда бул апийим заттарын, б. а. героин, ханки же метадонду колдонгондо болушу мүмкүн.



Эсиңизде болсун: налоксон 1-5 минутадан кийин таасир эте баштайт, ал эми анын таасири бир – бир жарым саатка созулат. Жакында эле тренинг учурунда бир жакшы жигит айткандай:

**"БИЗГЕ, БАЛДАР, АЛ СУУДАЙ, ТАМАКТАЙ ЖАНА УЙКУДАЙ ЭЛЕ КЕРЕК".**

***Бүттү, дениңиз сак болсун, мындан ары ооруба-ганга жана сайынбаганга аракет кылыңыз!!***



## ДАГЫ БИР НЕРСЕЛЕРДИ АЙТЫП БЕРСЕҢИЗ!!

Болуптур, налоксон жөнүндөгү эң маанилүү маалыматтар булар:

- налоксон – апийим заттарынын дозасын ашырып жиберүүдө пайдаланылуучу натыйжалуу зыянсыз антидот; анын эч кандай зыяны жок болгондуктан, ал кала берсе суу катары тест өткөрүүдө колдонулат
- налоксон – апийим заттары эместерге карата таасир этпейт, мисалы эгерде "винт", ЛСД же алкоголь сыяктуу заттарды колдонгон болсоңуз анда жардам бербейт
- налоксонго көнүп кетүүгө мүмкүн эмес жана ДССУнун (ВОЗдун) жашоо үчүн маанилүү делген дарыдамректеринин тизмесине киргизилгенине көп жыл болду
- налоксонду пайдалануу боюнча нускама ички иштер органдарынын жеке курамына аны кантип пайдалануу керектигин билүү үчүн үйрөнүүгө сунушталган.

***Эми кыскача эң башкысы жөнүндө:***

булчуңга куюуда ийинге же жамбашка сайган жакшы. Адаттагы дозасы – 1 ден 2 мл ге чейин (0.4 – 0.8 мг), бирок эгер сиз налоксонду кайталап куйсаңыз же чоң дозада куйсаңыз да коркунучтуу эмес. Киши, өзгөчө налоксон ага чоң дозада куюлган учурда алып салуу синдромун сезиши мүмкүн. Бирок ашыкпаганыңыз жакшы, болбосо кайрадан дозаны ашырып жиберүү тобокелчилиги пайда болушу мүмкүн.



## КИШИ ДОЗАНЫ АШЫРЫП ЖИБЕРГЕНИН КАНТИП БИЛҮҮГӨ БОЛОТ?



*Аны төмөнкүдөй белгилер боюнча билүүгө болот:*

- кыймылынын жай болуп калышы, тизенин бүгүлүшү, кишинин ушундай абалда, мисалы тизе бүгүп отурган абалда көпкө чейин катып, "илинип" калышы
- кишинин уйкусу эле келип, кээде ал эсинен да танып кетет
- кишинин каректери кичирейип кетет
- анын эриндери жана манжаларынын учу көгөрүп кетиши мүмкүн
- анын жүрөгү айланып, кусушу мүмкүн
- анын сүйлөгөн сөзү түшүнүксүз болушу мүмкүн
- ал үстүрт дем алып, тамырынын кагышы да начарлашы мүмкүн
- кан басымы төмөндөп, жүрөгү алсыз жана сейрек кагып, териси кубарып, кургап кетиши мүмкүн.

## ӨЗҮМ ДОЗАНЫ АШЫРЫП ЖИБЕРҮҮГӨ ДУУШАР БОЛСОМ ЭМНЕ КЫЛУУМ КЕРЕК?

Киши өзүнө жардам бериши керек, эгерде өзүңүздү сезип турсаңыз, а да жакшы. Уктабоого аракет кылыңыз – жок дегенде бир нече саат уктабаш керек. Дем алууңузга байкоо салып туруш керек. Эгерде жаныңызда бирөө болсо, андан сиз менен сүйлөшүүнү, уктап калбооңуз үчүн байкоо салып турушун сураныңыз. Суюктукту көбүрөөк ичиңиз, эгерде абалыңыз оңолбосо, сөзсүз "тез жардам" чакырыңыз.

Налоксонду да сайыныш керек.

## ЭГЕРДЕ БАШКА БИР КИШИ ДОЗАНЫ АШЫРЫП ЖИБЕРГЕН АБАЛДА КАЛЫП, МЕН АНЫН ЖАНЫНДА БОЛСОМ ЭМНЕ КЫЛУУМ КЕРЕК?

Эми ал кишиге налоксон сайыш керек – бул дары апийим заттарынын таасирин убактылуу жоёт, андыктан сөзсүз жардам берет.






Өзүңүз түшүнүңүз жана башкаларга да түшүндүрүңүз: эгерде налоксонду сайар замат киши дароо эле кыйналууну сезсе, анда чыдап тура туруу керек, анткени жарым сааттай убакыттан кийин өзүн жакшы сезип калат.

Киши өзүнө келер замат ал көбүнесе өзүн "жоготуп коёт" жана өзүнүн кайда экенин жана эмне болуп жатканын түшүнбөй калат жана ошондуктан аны менен сүйлөшкүлө, бир нерселерди айтып бергиле, суроо бергиле – кандай аракеттер же кандай сөздөр менен аны алаксытууну сиз өзүңүз билесиз.

## НАЛОКСОНДУ КАЙДАН АЛУУГА БОЛОТ?

Наркологиядагы врачтарга кайрылганыңыз жакшы, аларда болот. Аны Шприцти алмаштыруу пункттарынан жана сиздин райондун аутрич-кызматкерлеринен да алууга болот. Аптекаларда да болот, бирок кээде эле, андыктан бул маселени наркологиядагы врачтар же аутричниктер менен тактап алганыңыз жакшы.

Налоксон колдо жок болуп калган жана налоксонду жабыркаган кишинин мурдуна акырындык менен тамчылатууга туура келген учурлар да болгон – болжол менен 3 – 4 ампуладан кийин киши өзүнө келген.

## АНДАН КИЙИН ЭМНЕ БОЛОТ?

Налоксондун таасир эте баштаганы байкалат – кишинин териси агара баштайт, ал капысынан ойгонгонсуп, көзүн чоң ачып, терең дем алат. Ошол эле учурда ал өзүн жоготконсуп, эмне болуп жатканын, кайда экенин түшүнбөйт. Андан кийин "кумарлануу" башталышы мүмкүн. Эгер сиз налоксонду өзүңүзгө эмес, башка бирөөгө сайсаңыз, анда ага эмне болгонун жана дароо эле "кубалоо" керек эмес экенин түшүндүрө алуу маанилүү. Акыл калчап көрүңүз: налоксон таасир этип жаткан мезгилде баңгизаттын дагы бир дозасы сынууну жок кылбайт, а бирок налоксондун таасири токтогондон кийин дароо дозаны ашырып жиберүүгө кайтадан дуушар болуу тобокелчилигин күчөтөт.






Сайдыңызбы? Жабыркаганды катуу нерсенин үстүнө калыбына келүү абалында жаткырыңыз.






Жакшы, эми тезинен "тез жардамды" чакырыңыз өзүңүз чакыра албасаңыз, кошуналарыңыздан же тааныштарыңыздан сураныңыз.

## НАЛОКСОН ДЕГЕН ЭМНЕ, АЛ КАНДАЙ ДАРЫ?

Бул апийим заттарынын дозасын ашырып жиберген-де колдонулуучу эң натыйжалуу антидот ("ууланууга каршы каражат"). Ал биздин организмдеги белгилүү бир рецепторлордун иштешин басаңдатат жана дем алуунун начарлашын жоёт. Ал эми киши дем алып жаткандан кийин дозаны ашырып жиберүүдө өлүмгө дуушар болуу тобокелчилиги азаят. Айрым адамдар кайсы бир учурда героинди сезгич рецепторлорунан сүрүп чыгарып, "күйгүзүп" жибергендей болуп калыша тургандарын айтышкан.

Налоксонду булчуңга куюуга болот жана бир нече минуттан кийин эле ал таасир бере баштайт. Ал баңгизат эмес, андан "келүү" болбойт жана киши ага көнүп да кетпейт. Көп өлкөлөрдө ал врачтын рецепти боюнча сатылат.Налоксон организмге киргенден кийин бир- бир жарым саат таасир этет, ал эми героин андан узагыраак таасир этет. Анда эмне болот? Налоксондун таасири токтолушу мүмкүн, ал эми героиндин таасири улана берет, ошондуктан дозаны ашырып жиберүү абалына кайтып келүү мүмкүн. Мына ошондон улам налоксонду сайганга чейин эки сааттай мурда дозаны ашырып жиберүүдө болгон кишинин абалын көзөмөлдөп, байкоо салып туруу маанилүү. Эгерде налоксонду биринчи сайгандан кийин үч-беш минут ичинде киши өзүнө келе баштабаса (эгерде налоксонду сиз өзүңүзгө өзүңүз сайсаңыз жана жеңилдей албай калсаңыз) анда сөзсүз налоксондун дагы бир ампуласын сайуу керек.

Эгерде экинчи ампула да жардам бербесе, себеп апийим заттарында эмес башкада болушу мүмкүн, анда сөзсүз "тез жардамды" чакырыңыз, келип, жардам беришсин.

Налоксон апийим заттарын организмден чыгарбайт жана налоксондун таасири аяктаганда киши кайрадан баңгизаттын таасирин сезе баштайт. Мунун себеби апийим заттарынын организмде сакталып, анын иштешине таасир эте беришинде.

## НАЛОКСОНДУ КАНТИП ПАЙДАЛАНУУ КЕРЕК?

Жабыркаган кишинин дем алуу жолдорун бошотуңуз (эгерде өзүңүзгө өзүңүз сайынайын десеңиз анда ыңгайлуураак отуруңуз). Айнеги кесип кетпеш үчүн ампуланын баш жагын, шприцтин орогучун пайдаланып, сындырыңыз. Шприцке налоксонду сордуруп, булчуңга сайыңыз – ийиндин, колдун жогору жагынын же жамбаштын булчуңуна сайууга болот. Жамбашка сайбаган деле жакшы, анткени андагы май катмарынан улам налоксон жайыраак сиңет.